# ОКУУЧУНУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК ШАРТТАРЫ

**МУХАММЕД ГУНДОГДУ**
*БГУ, аспирант*

Педагогика менен психология илимдеринин интеграцияланган, бири-экинчиси менен тыгыз аралашкан, жуурулушкан жеринде ар бир адамдын, айрыкча, мектеп курагындагы баланын табиятынан жеке чыгармачылыгы менен жеке жөндөмдүүлүктөрү абдан өнүккөн абалда болоору айтылат. Педагогиканын башкы максат-милдеттери да окуучу баланын ошондой жөндөм-шыгын, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн калыптандыруу, калыптандыруу гана эмес, аны андан ары өнүктүрүп кетүү экендиги да талашсыз.

Тилекке каршы, советтик педагогикада мектеп окуучуларынын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүү мындай турсун, анын окуучу, адам катары да укуктарын басмырлоо адатка айланып калган эле. Мына жыйырманчы кылымдын сексенинчи жылдарынан бери (тагыраагы, 1985-жылдан) адам фактору биринчи планга коюлуп, маселе кыйла башка жагына бурулду. Андай процесс токсонунчу жылдардан баштап, ар улуттун эгемен өлкө, эгемен улут болгону кыйла жанданып, окуу-тарбия процесси да адамды (окуучуну) биринчи планга коюп, ошого багытталган педагогикалык процесс жүрө баштады.

Ырас, педагогика менен психология илимдери тастыктагандай ар бир балада ички жөндөм-шык, чыгармачылык дарамет бар, маселе аны басмырлабай, тескерисисинче, өнүктүрүү милдети турат.

Совет курамындагы башка элдер, улуттар сыяктуу эле Кыргызстанда да соңку жылдары социалдык ири өзгөрүүлөр болду. Элдин турмушуна батыл аралашкан демократиялык процесстер адам факторуна болгон жаңы көз карашты түптөп, натыйжада, адамдын ички кызыгууларына өзгөчө көңүл буруу менен анын жеке инсандык, психологиялык тубаса касиеттерин ачып көрсөтүүгө шарт-өбөлгөлөрдү түзүү милдетин коюп олтурат. Дегинкиси, окуу-тарбия процессинде жаңы, заманбап технологияларды кеңири пайдаланып, мыкты, ары натыйжалуу сабактарды уюштуруу шартында педагогика менен психология илимдеринин теориясынын жана практикасынын алдына мектеп окуучуларынын алган терең билимдеринин системалуу, бай корун камсыз кылуу менен гана чектелбей, алардын чыгармачылык потенциалын, жөндөм-шыгын, өз алдынча билим алуу ишмердигин өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдорун иштеп чыгуу милдеттери коюлду. Мындай милдеттерди ишке ашыруунун бирден-бир багыты болуп – окуу-тарбия процессинде ар бир окуучунун аракеттерин жекелештирүү, анын өзүнө эркиндик берүү, ушуну менен анын жеке жөндөм-шыгын, чыгармачылык аракеттерин ойготуу, өз алдынча иштөөсүнө шарт-өбөлгөлөрдү түзүп берүү болуп саналат. Белгилүү болгондой, салтка айланган окуу-тарбия процессинде класстагы ар бир окуучунун окуу ишмердигин жөнгө салууга болгон мугалимдин уюштуруучулук мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болот эмеспи.

Мектеп окуучуларынын жеке чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү башкы педагогикалык процесс болгондуктан буга өлкөнүн билим берүү жөнүндөгү мыйзамы да, жалпы билим берүүчү мамлекеттик стандарт менен концепция да, окуу программалары менен башка нормативдик документтер приоритеттүү маани берет. Анткени билим-тарбия берүүнүн өзү бирдиктүү бир система катары так ушул маселелерди жетекчиликке алат эсеспи. Айталы, ошол эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү Мыйзамында билим берүүнүн системасы мындай аныкталат: “Система образования – совокупность взаимодействуюүих преемственных образовательных программ и государственных образовательныз стандартов различного уровня и направленности, реализуюүих их образовательных организаций и лиц, а так же органов управления образованием и подведомственными им учреждениями, организациями и предприятиями”. Эгерде билим

берүүнүн ситемасын окуу программалары менен ар кандай деңгээлдеги жана ар кандай багыттагы билим стандартттарынын, ошондой эле билим-тарбия иштерин жүргүзүүчү мекемелердин ишмердүүлүгүнүн жыйындысы болсо, анда булардын баары барып-келип ошол билим алып жаткан окуучунун табият берген ички жөндөм-шыгын, жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн милдетин да алышы керек.

Педагогика менен психология илимдеринде "өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылыгы" түшүнүгү ички жана сырткы факторлор менен аныкталып, ички фактор шарттуу түрдө сырткы чыгармачылык жөндөм-шыкты жаратууга кызмат кылып, окуучунун окуу тапшырмасын аткаруу үчүн күч-кубатын, мүмкүнчүлүктөрүн үнөмдөп, ал эми керек учурда гана күчтүү энергияны сарптоо мүмкүнчүлүгүнө жол ачып, аны өнүктүрүү үчүн ишке келтирилет да, мунун таасири менен окуучунун эмоционалдык сезимдери козголуп активдүү аракеттерине шарт түзүлөт. Ички факторду сырткы фактордон айырмалап турган бир касиет – окуучунун иш-аракети реалдуу предметтер эмес, алардын элестүү образдары аркылуу ишке ашырылгандыгында.

Өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылыгы педагогика менен психологияда терең изилденип, буга С.Л.Рубинштейн, Л.С.Выготский, П.Я.Гальперин, В.В.Давыдов, Н.Ф.Талызина, А.М.Матюшкин, А.А.Вербицский сыяктуу окумуштуулар мындай феномендин ички табиятын педагогикалык да психологиялык да процесс катары аныкташкан. Алардын илимий эмгектеринен "өспүрүм курактагы окуучунун чыгармачылык активдүүлүгү ички жана сырткы факторлордун таасири менен өнүгүшү", "сабакта же сабактан тышкаркы учурларда окуучу менен мугалимдин биргелешкен, өнөктөшкөн иш-аракетинин аркасында калыптанары" айтылса, ал эми Д.Б.Элькониндин түшүнүгүндө, "ар кандай ишмердүүлүктөгү чыгармачылык жигер, активдүү аракет жүрүп олтуруп окуу ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылык активдүүлүккө өтөөрү" педагогикалык процесстеги айныгыс фактор болуп калганын белгилейт.

Креативдүүлүктү, чыгармачылык активдүүлүктү калыптандыруу процесси теориялык жана практикалык жактан бири-экинчисинен кескин айырмаланып, бирок бирине-бири көз каранды абалда болгон педагогикалык процесстер: үйрөтүү-үйрөнүү, окутуу-окуу, түшүндүрүү-түшүнүү, таасир этүү-таасирленүү сыяктуу түшүнүктөр менен шартталган. Креативдүүлүк же чыгармачылык түшүнүгүн психология илими "чыгармачылык – адамдын материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуусу, бул анын жеке ишмердүүлүгүнө гана тиешелүү көрүнүш" деп аныктаса, эстетика тармагы муну "чыгармачылык – бул тигил же бул инсандын өз ишмердүүлүгүндө эстетикалык жаңы баалуулуктарды жаратышы", ал эми педагогика илими "чыгармачылык – адамдын аң-сезимдүүлүк менен кандайдыр бир максатка баш ийдирилген активдүү жигердүү ишмердүүлүгү" катары карайт.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын чыгармачылыгын калыптандыруу жаатында көп жылдардан бери эмгектенип, бир катар изилдөөлөрүн жүргүзгөн Д.Б.Богявленская "Психология творческих способностей" (Москва, 2002) деген эмгегинде ишмердүүлүктөгү чыгармачылыкты ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүнө, анын ой жүгүртүүсү менен байланыштырып, аны ички мүнөзү менен берген жыйынтыктарына карап экиге: теориялык жана практикалык деп бөлүштүрөт. Чыгармачылык жөндөмдүүлүк адегенде ойдо (идеяда) пайда болуп, анан практикалык мүзөзгө өтөт. Мында педагогиканын дидактикасындагы элестетүү (бир нерсеге окшоштуруу) теориясы менен байланыштыруу керек.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылыгын калыптандыруу, элдемурда анын тандаган, жакшы өздөштүргөн, кызыккан сабагынын алкагында жүргүзүү максатка ылайык. Анткени мында шарттуу рефлекция активдүү ишке киришет. Окумуштуулар Н.Ф.Талызина, П.Я.Гальперин, А.Н.Леонтьев, Г.Д.Чистякова жана В.П.Панюшкиндин жазгандарына караганда ар кандай элестетүү менен салыштыруулар, бир нерсени экинчи бир нерсе менен окшоштуруулар окуу процессинде ийгиликтер менен кемчилдиктерди аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Элестетүү, окшоштуруу жөнүндөгү

дидактикалык теорияны Ян Амос Коменский негиздеп, буга системалуулукту, түшүнүктүүлүктү, жеңилден-ооргo, жекеден-жалпыга, бүдөмүктөн-аныктуулукка, билбегенден-билгенге, жалпыдан-конкреттүүлүккө, жамандан-жакшыга, пассивдүүлүктөн-активдүүлүккө сыяктуу педагогикалык түшүнүктөр аркылуу чечмелеген. Окуучунун курактык өзгөчөлүгүнө жараша ал “көсөтүү-көргөзмөлүүлүк (визуализация)-аңгеме-сөз-түшүнүү-кайталоо-бышыктоо-жаттоо-текшерүү-анализдөө-баалоо” сыяктуу этаптарын белгилейт. Шарттуу рефлекция теориясынын негизги параметрлерине ылайык окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү төмөнкүдөй этаптарды басып өтүшү керек: Көрсөтүүдөн – көргөзмөлүүлүккө, көргөзмөлүүлүктөн – аңгеме курууга, аңгеме, сөз аркылуу – текст түзүүгө, сөздөн – түшүндүрүүгө, түшүндүрүүдөн – бышыктоого, бышыктоодон – кайталоого, кайталоодон - анализдөөгө, анализден – жаттоого, жаттоодон – баалоого, баалоодон – жыйынтык чыгарууга, мындан өз оюн аргументтештирүүгө, жалпылоого, негиздөөгө өтүшү керек. Мына ушундай процесстен кийин окуучунун чыгармачылык ишмердүүлүгү калыптана башташы ыктымал.

Соңку жылдары жалпы билим берүүчү орто мектептерде окутуу менен тарбиялоонун жаңы заманбап технологиялары активдүү пайдаланылып, окуучунун чыгармачылык потенциалын калыптандыруу маселесине да басым жасала баштады. Мындан отуз-кырк жыл (а балким, жыйырма жыл) мурдагы окуучунун аң-сезими менен чыгармачылык жөндөм-шыгы азыркы замандын көрсөткүчтөрү менен кескин айырмаланат. Азыр өнүккөн технологиялардын заманы, демек, жеке чыгармачылык да ошондой талаптарга ылайык кыйла татаал болушу керек.

Ошого карабастан, жогорку технологиялардын шарданы окуу процессинин системалуу өөрчүшүнө кедергисин тийгизип, окуучуну шаблондор менен билим алышына шарттардын түзүп койгонун да айтышыбыз керек. Компьютерлештирилген, интернеттешкен мындай шарттар окуучунун жеке ой жүгүртүүсүн чектеп, технократташтырылган абалга алып келди. Мындай шартта, айрыкча, өспүрүм курактагы мектеп окуучусу өзүнүн курагына ылайык педагогикалык шарттарда эмес, даяр маалыматка оңой жетүү мүмкүнчүлүгүнө тушукту. Мындан анын “мени” жабыр тартып, ар нерсеге болгон жеке мамилеси, өзүнүн көз караштары калыптанбай, роботтошкон, жансыз нерсеге айланып калуу коркунучу турат.

Өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык, дидактикалык жана психологиялык шарттары, тилекке каршы, учурда бир катар факторлордун таасири менен ишке ашырылбай келет, алар кайсылар? Ырас, өспүрүм курактагы окуучунун кайсыл предметке кызыгуусун аныктап, анан аны заманбап технологиялардын көмөгү менен натыйжалуу окутуу иши барып-келип ошол окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууга багытталышы керек. Мындайды жүзөгө ашырууда байкалып жүргөн тоскоолдуктардын айрымдарын белгилеп өтөлү: Эскерте кетүүчү бир жагдай: мындай көйгөйлөр канчалык мугалимде болсо, ошончолук абалда окуучуларга да мүнөздүү көрүнүш экендиги. Биздин оюбузча, окуучунун чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандырууда салтка айланган сабактарга караганда заманбап жаңы технологияларды кеңири пайдалануу жакшы натыйжаларды берээри бышык. Анүчүн биз кайсыл проблемалардын үстүндө иштешибиз керек, маселе ушуну тактап алууда турат.

**Биринчиден,** билим берүүнүн сапатын жогорулатууда ар бир предмет окутуунун жаңы технологиялары менен жабдылышы керек, ал заманбап жаңы метод болушу мүмкүн, же салтка айланган сабактардын окуучуга ылайыкталган форма-мазмун менен жабдылышы шарт.

**Экинчиден,** өспүрүм курактагы окуучулардын сабак мезгилинде тигил же предметтин мугалими тарабынан коюлган маселелерди чыгармачылык менен кабыл алуу, түшүнүү, белгилүү бир логикалык системага келтирүү, оюн эркин, так, көркөм айта билүү көндүмдөрүнүн жоктугу, мына ушул компетенцияларды калыптандыруу зарыл.

**Үчүнчүдөн,** өспүрүм курактагы окуучунун жазуу жана оозеки речинин

калыптанбагандыгынан улам ар кандай предметтин алкагында жаңы сабактын мазмуну менен формасын, структурасын түзүүдө предметник-мугалимдин өзүнүн чыгармачылыгынын жетишсиздиги. Өспүрүмдүн чыгармачылыгын калыптандыруу милдетин алган мугалим оболу, өзү чыгармачылык менен иштеген адис болушу керек.

**Төртүнчүдөн,** айрыкча салтка айланган сабактарда, анын жүрүшүндө мугалим менен окуучунун ортосундагы тең укуктуу мамиленин, диалогдун жетишсиздиги. Мугалимдер али да болсо тээ илгеркидей авторитардык педагогиканын тушагынан бошоно албай, окуучусуна билгенин таңуулаган адатынан арыла элек.

**Бешинчиден,** окуучулар үчүн жазылган программалык окуу китептери, окуу куралдары, мугалимдерге арналган окуу-методикалык куралдар, колдонмолор мамлекеттик стандарттар менен дал келбегени, келсе да окутуунун заманбап жаңы технологиялары менен толуккандуу жабдылбаганы, мына ушуларды расмий жактан чечүү зарылдыгы турат.

**Алтынчыдан,** окутуунун заманбап, жаңы, инновациялык, интерактивдүү, интеграцияланган технологиялары менен ийкемдүү методдорду окуу процессинде колдоно билген, мыкты даярдыктагы мугалимдердин аздыгы, ушундай мугалимдердин өзүн калыптандыруу милдети турат.

**Жетинчиден,** мектеп курсунун кайсыл гана предмети болбосун ал боюнча уюштурулган тесттик тапшырмалар жана текшерүү иштеринин жыйынтыктары окуучулардын билими, билгичтиги, көндүм-адаттары менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө баа берүүнүн жападан жалгыз каражаты катары эсептелип келгендиги, тилекке каршы, азыр да ушундай.

Буларды четтетүү, жоюу үчүн мына азыртан эмнелерди жасоо керек? Өспүрүм курактагы мектеп окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн көтөрүүнүн жолдору менен каражаттарын педагогикалык процесс катары карап, аларды тажрыйбалык-эксперимент жолдору менен текшерип ыңгайлуу, ылайыктуу жактарын аныктап алуу керек. Окуучунун чыгармачылык активдүүлүгун жогорулатуунун педагогикалык: теориялык жана практикалык негизги багыттарын аныктап, аларды ишке ашыруунун этаптарын белгилеп алуу зарылдыгы турат.

Бул маселеде аткарылган же аткарыла турган иштердин практикалык мааниси же жугумдуулугу артаар эле, эгерде, өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын чыгармачылык активдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары ушуга жараша түзүлүп иштелип чыкса; мындай маанилүү маселелер оболу педагогикалык процесс катары каралып, анын негизги параметрлери аныкталса; өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун окуу ишмердүүлүгүндөгү чыгармачылыгын өстүрүүнүн педагогикалык, психологиялык жана дидактикалык каражаттары иштелип чыкса; окуу процессинде сунуш кылынган салтка айланган жана салтуу эмес заманбап технологиялар менен жабдылган сабактардын үлгүлөрү жана сунушталган методдор окуучунун ой жүгүртүүсүн жана чыгармачыл активдүүлүгүн өстүрүүдө алардын сабакка болгон кызыгууларынын арттырууга багытталса; өспүрүм курактагы мектеп окуучусунун чыгармачылык ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн иштелип чыккан методдор, ыкмалар менен амалдар, дидактикалык жана окуу тапшырмалары, суроолор, ал эми мугалимдер үчүн иштелип чыккан окуу-методикалык колдонмолор, окуу куралдары менен окуулуктар окуучулар менен мугалимдер үчүн негизги окуу-тарбия каражаттары катары пайдаланылса; өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын окуу ишмердүүлүгүндө окутуунун заманбап технологияларын, методдорун колдонуу окуучулардагы чыгармачылык активдүүлүктү өркүндөтүүнүн зарыл каражаты катары мектеп мугалимдери менен тарбиячыларга коюлуучу талаптардын күчөтүлүшү камсыздалса...